**Кыргыз Республикасынын Билим**
**берүү жана илим министрлигинин**
**№ __________ буйругуна тиркеме**

**« __ » _______________2021 ж.**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

# ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК СТАНДАРТЫ

**Багыты: 550300 ФИЛОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ**
**Квалификациясы: Бакалавр**

**БИШКЕК 2021**

## 1. Жалпы жоболор

**1.1.** Жогорку кесиптик билим берүүнүн **550300 – Филологиялык билим берүү** багыты боюнча Мамлекеттик стандарты, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген билим берүү жөнүндө аныктаган тартиптерге, ченем - укуктук актыларга ылайык, Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы жооптуу мамлекеттик органы тарабынан иштелип чыкты.

Бул Мамлекеттик стандарт бакалаврларды даярдоо боюнча жогорку кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу баардык ЖОЖдорго менчиктин формасына, кайсы ведомоствого таандык экендигине карабастан, сөзсүз аткарууга милдетүү болуп эсептелет.

**1.2. Терминдер, аныктамалар, белгилөөлөр, кыскартуулар.**

Бул жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында терминдер жана аныктамалар Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына жана мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасы тарабынан кабыл алынган эл аралык келишимдерге ылайык колдонулат:

**негизги билим берүү программасы** – максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, мазмунду жана даярдоонун тиешелүү багыттары боюнча билим берүү процессин ишке ашырууну ирettөөчү окуу-усулдук документтердин жыйындысы;

**даярдоонун багыты** – фундаменталдык даярдоонун жалпылыгынын негизинде интеграциялануучу түрдүү профилдеги жогорку кесиптик билимдүү кадрларды (бакалавр, магистр жана адистер) даярдоо үчүн билим берүү программаларынын жыйындысы;

**модуль** – окутуунун, тарбиялоонун көрсөтүлгөн максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон окуу дисциплинасынын бир бөлүгү;

**профиль – негизги билим берүү программасынын** белгилүү бир түргө багытталуусу жана (же) **кесиптик** ишмердиктин объектиси.

**компетенция** – белгилүү бир чөйрөдө эффективдүү, жемиштүү иштөөсү үчүн зарыл болгон окуучунун (студенттин) билим алуу даярдыгына алдын ала коюлган коомдук талап (норма);

**бакалавр** – магистратурага кирүүгө жана кесиптик ишти жүзөгө ашырууга укук берген жогорку кесиптик билимдин квалификация деңгээли;

**магистр** – аспирантурага жана (же) негизги докторантурага (PhD / профиль боюнча) окууга кабыл алуу жана кесиптик ишти жүзөгө ашырууга укук берген жогорку кесиптик билимдин квалификация деңгээли;

**чегерим бирдик (кредит)** – негизги кесиптик билим берүү программасынын сыйымдуулугунун шарттуу өлчөмү;

**окутуунун натыйжалары** – негизги билим берүү программасы / модулу боюнча окуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар;

**жалпы илимий компетенциялар** – кесиптик ишмердиктин бардык (же көпчүлүк) түрлөрү үчүн жалпы деп саналган мүнөздөмөлөр: окууга, анализге, синтезге жөндөм ж.б.;

**инструменталдык компетенциялар** төмөнкү нерселерди камтыйт – когнитивдик жөндөмдөр, түшүнүү жана идеялар менен ой жүгүртүүлөрдү колдонуу жөндөмү; методологиялык жөндөмдөр, айдана-чөйрөнү түшүнүү жана башкаруу, убакытты уюштура билүү, окутуу стратегияларын тизмектөө, чечимдерди кабыл алуу жана көйгөйлөрдү чечүү жөндөмдөрү; технологиялык билгичтиктер, техниканы колдонуу менен байланышкан билгичтиктер, компьютердик билимдер жана маалыматтык башкаруу жөндөмдөрү; лингвистикалык билгичтиктер, коммуникативдик компетенциялар;

**коомдук-личносттук жана жалпы маданий компетенциялар** – сын ой жүгүртүү жана өзүн-өзү сындай билүү жөндөмү, сезимдерди билдирүү жана мамиле түзүү билгичтиктери менен байланышкан жеке жөндөмдөр, ошондой эле коомдук өз ара аракеттешүү жана кызматташуу процесстери, топтордо иштөө, коомдук жана этикалык милдеттемелерди алуу билгичтиктери менен байланышкан коомдук билимдер;

**кесиптик стандарт** – кесиптик ишмердиктин белгилүү бир түрүнүн чегинде анын мазмунуна жана сапатына карата талаптарды аныктаган жана кызматкердин ал ишмердик түрүнүн кандай экендигине карабай каалаган уюмда өзүнүн штаттык ордун укуктук жактан ээлөөгө татыктуу болууга милдеттүү болгон сапаттык деңгээлди сүрөттөй турган негизги документ.

**1.2.2.** Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөндөгү кыскартуулар колдонулат:

**МББС** - мамлекеттик билим берүү стандарты
**ЖКББ** - жогорку кесиптик билим берүү
**НББП** - негизги билим берүү программасы
**ОМБ** - окуу-методикалык бирикме
**НББП ОСЦ** - негизги билим берүү программасынын окуу сабактарынын цикли
**КЧКЕС** - Кредиттерди чогултуунун жана которуунун европалык системасы
**ЖК** - жалпы компетенциялар (инструменталдык, системалуу, межличносттук)
**КК** - кесиптик компетенциялар
**КЛЖМК** - коомдук-личносттук жана жалпы маданий компетенциялар.

## 2. КОЛДОНУУ ТАРМАГЫ

**2.1.** Жогорку кесиптик билим берүүнүн ушул Мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары - ЖКББ МББС) бакалаврларды даярдоо багыты боюнча негизги билим берүү программаларын ишке ашыруудагы милдеттүү ченемдердин, эрежелердин жана талаптардын жыйындысы жана **550300 Филологиялык билим берүү** багыты боюнча уюштуруучулук-усулдук документтерди иштеп чыгуу, лицензиясы же Кыргыз Республикасынын аймагында мамлекеттик аккредитациясы (аттестациясы) бар, бардык жогорку кесиптик билим берүүчү билим берүү мекемелеринин (мындан ары - ЖОЖдор), уюштуруучулук-укуктук формаларына карабастан жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүү сапатын баалоо үчүн негиз болуп эсептелет.

**2.2. 550300 Филологиялык билим берүү** багыты боюнча ушул ЖКББ МББСын негизги пайдалануучулар төмөнкүлөр:

– ЖОЖдордун администрациясы жана илимий-педагогикалык курамы (профессордук-окутуучулук курам, илимий кызматкерлер) – өздөрүнүн ЖОЖдорунда негизги кесиптик билим берүү программаларын илимдин, техниканын жана коомдук чөйрөнүн жетишкендиктерин эсепке алуу менен иштеп чыгууга, аны натыйжалуу ишке киргизүүгө жана жаңылоого жооптуулар;

– ЖОЖдун даярдоонун ушул багыты боюнча негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашырууга жооптуу студенттери;

– тийиштүү кесиптик ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;

– билим берүү чөйрөсүндө тийиштүү мамлекеттик органдын тапшыруусу боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окуу-усулдук бирикмелер жана кеңештер;

– жогорку кесиптик билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу аткаруу

бийлигинин мамлекеттик органдары;

– жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндө аттестацияны, аккредитацияны жана сапатка көзөмөлдү ишке ашыруучу, жогорку кесиптик билим берүү системасындагы мыйзамдардын сакталышын камсыз кылуучу аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары.

**2.3. Абитуриенттердин даярдыгынын деңгээлине талаптар**

**2.3.1.** «Бакалавр» – жалпы орто билим же кесиптик орто (же кесиптик жогорку) билим – квалификациясы ыйгарылып жогорку кесиптик билим алууга талапкер абитуриенттин билим деңгээли.

**2.3.2.** Абитуриент жалпы орто билим же кесиптик орто (же кесиптик жогорку) билим тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документке ээ болууга тийиш.

## 3. ДАЯРДООНУН БАГЫТТАРЫНЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**3.1**. Кыргыз Республикасында **550300 Филологиялык билим берүү** багыты боюнча төмөнкүлөр ишке ашырылат:

– бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НББП;

– магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББП.

Бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НББПны толугу менен өздөштүргөн жана белгиленген тартипте мамлекеттик жыйынтык аттестациясынан ийгиликтүү өткөн ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүнө «бакалавр» квалификациясын ыйгаруу менен жогорку билим тууралуу диплом берилет.

Магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББПны толугу менен өздөштүргөн жана белгиленген тартипте мамлекеттик жыйынтык аттестациясынан ийгиликтүү өткөн ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүнө «магистр» квалификациясын ыйгаруу менен жогорку билим тууралуу диплом берилет.

**3.2.** Күндүзгү окуу формасындагы жалпы орто же кесиптик орто билим базасында **550300 Филологиялык билим берүү** багыты боюнча бакалаврларды даярдоодо ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 4 жылды түзөт.

Күндүзгү сырттан окуу (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча бакалаврларды даярдоодо, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалышкан учурда ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн мөөнөттөрү ЖОЖ тарабынан күндүзгү окуу формасындагы өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтүнө салыштырмалуу алты айдан бир жылга чейин узартылат.

Тийиштүү профиль боюнча орто кесиптик билимге же жогорку кесиптик билимге ээ адамдарга бакалаврды даярдоо боюнча ЖКББ НББПны тездетилген программалар боюнча өздөштүрүүгө укук берилет. Тездетилген программаларды ишке ашыруудагы окуу мөөнөтү студенттин башка окуу программасы боюнча орто кесиптик билим жана (же) жогорку билим алууда өздөштүргөн (өткөн) өзүнчө дисциплиналары (модулдары) жана (же) өзүнчө практикалары боюнча окуу жыйынтыктарын жарым-жартылай же толук кайра аттестациялоо (кайра зачет коюу) боюнча аныкталат.

Орто кесиптик билим профилинин жогорку кесиптик билим профилине шайкештиги ЖОЖ тарабынан өзүнчө аныкталат.

Тездетилген программаларды ишке ашыруунун чегинде күндүзгү окуу формасы боюнча орто кесиптик билим берүү базасында бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн мөөнөттөрү 3төн кем эмес жылды камтыйт.

Жекече окутуу планы боюнча окутууда, билим алуунун формаларына карабастан, окуу мөөнөтү ЖОЖ тарабынан өз алдынча белгиленет.

Сак-саламаттыгы жагынан мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарды жекече окутуу планы боюнча окутууда ЖОЖ мөөнөттү билим алуунун тийиштүү формалары үчүн бекитилген мөөнөткө салыштырмалуу узартып койгонго укуктуу.

Бакалаврларды жана магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

**3.3.** Бакалаврларды даярдоодогу ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн жалпы эмгек сыйымдуулугу 240тан кем эмес кредитке барабар.

Күндүзгү окуу формасы боюнча окуу жылындагы ЖКББ НББПнын эмгек сыйымдуулугу 60тан кем эмес кредитке барабар.

Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30дан кем эмес кредитке барабар (окуу процесси эки семестрден түзүлгөн учурда).

Бир кредит (чегерим бирдик) студенттин окуу ишинин 30 саатына барабар (анын ичинде аудиториялык, өз алдынча иштер жана аттестациянын бардык түрлөрү бар).

Күндүзгү-сырткы (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча негизги билим берүү программасынын, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалышкан жана дистанттык билим берүү технологиялары пайдаланылган учурдагы эмгек сыйымдуулугу окуу жылы үчүн 48ден кем эмес кредитти түзөт.

**3.4**. Инсанды окутуу жана тарбиялоо чөйрөсүндө **550300 Филологиялык билим берүү** даярдоо багыты боюнча ЖКББ НББПнын максаттары

**3.4.1.** Окутуу чөйрөсүндө **550300 Филологиялык билим берүү** даярдоо багыты боюнча ЖКББ НББПнын максаты болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- филологиялык билим берүү жаатында кесиптик милдеттерди чече алган жана тандап алган ишмердиктин чөйрөсүндө ийгиликтүү иштеген, эмгек рыногунда социалдык ыкчамдыкка жана туруктуулукка түрткү берүүчү универсалдык, кесиптик жана атайын компетенцияларга ээ болгон педагогду даярдоо;

**3.4.2**. Инсанды тарбиялоо чөйрөсүндө **550300 Филологиялык билим берүү** даярдоо багыты боюнча ЖКББ НББПнын максаты болуп студенттердин коомдук-личносттук сапаттарын: максатка умтулуусун, уюшкандыгын, жоопкерчилигин, жарандык сапаттарын, коммуникативдүүлүгүн, толеранттуулугун, үзгүлтүксүз окуу жана өзүн-өзү өнүктүрүүнүн чегинде кесиптик жактан өзүн реализациялоого жана өркүндөтүүгө умтулуусун ж.б. өстүрүү, жалпы маданиятын жогорулатуу ж.б. болуп саналат.

**3.5**. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердик чөйрөсү.

Бүтүрүүчүлөрдү кесиптик ишинин **550300 Филологиялык билим берүү** багыты боюнча чөйрөсү төмөнкүлөрдү өзүнө камтыйт: билим берүү, коомдук жана илимий чөйрө.

Бүтүрүүчүлөр кесиптик ишмердигин башка тармактарда жана (же) кесиптик ишмердик чөйрөлөрүндө алардын билиминин жана алган компетенцияларынын деңгээли кызматкердин квалификациясынын талаптарына туура келген шартта гана ишке ашыра алышат.

**3.6.** Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн объектилери

**550300 Филологиялык билим берүү** багытынын бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн объектилери төмөнкүлөр: билим берүү процесси, билим берүү чөйрөсү, окуучулардын ишмердүүлүгү жана жеке педагогикалык ишмердүүлүк.

**3.7.** Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү:

- педагогикалык;
- уюштуруу-башкаруучулук;
- кесиптик өнүгүү.

Бүтүрүүчү даярдалып жаткан кесиптик ишмердүүлүктүн айкын түрлөрү жогорку окуу жайы жана иш берүүчү кызыктар тараптар менен бирдикте иштелип чыккан билим берүү программасынын мазмунун аныкташы керек.

**3.8.** Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин милдеттери

**550300 Филологиялык билим берүү** багыты боюнча бакалаврдын кесиптик

ишмердигинин милдеттери: окуу-педагогикалык, маданий-өнүктүрүүчүлүк, илимий-методикалык жана изилдөөчүлүк.

*Педагогикалык ишмердик чөйрөсүндө:*

- Айлана-чөйрө жөнүндөгү илимий билимдердин системасын колдонуу, ар түрдүү көз караштарды, маданий ар түрдүүлүктү кабылдоо, туруктуу өнүгүү концепцияларын билүү жана түшүнүү;
- Окуу процессин окуучулардын заманбап, илимий негизделген окуу технологиялары боюнча талаптарына, жетишкендиктерине ылайык пландаштыруу жана ишке ашыруу;
- Окуучулардын жетишкендигин баалоонун ар түрдүү аспаптарын жана критерийлерин (рефераттык маалыматтар, баяндамалар, тезистер, эссе, портфолио, кейс-стади ж.б.) колдонуу;
- Окуу программасын өз алдынча тандоо, ага карата дидактикалык материалдарды иргөө, иштеп чыгуу жана окуу процессинде педагогикалык рефлексиянын негизинде колдонуу;
- Окуучулардын демократиялык коомдо жашоо үчүн зарыл баалуулук багыттарын: жарандык жана патриоттук ишенимдерин, толеранттуулугун, маданий көп түрдүүлүгүн, коомдук укуктарын, инклюзияны кабылдоосун калыптандыруу;
- Предмет (предметтер) боюнча окуу сааттарын теманын бөтөнчөлүгүн, программанын бөлүмдөрүн эске алуу менен жана окуу планына ылайык пландаштыруу.

*Уюштуруу-башкаруучулук ишмердик чөйрөсүндө:*

- Кесиптик ишмердикти жүзөгө ашырууда укуктук-ченемдик билимдерди колдонуу жана этикалык принциптерди кармануу;
- Кесиптик ишмердикти жүзөгө ашырууда туруктуу өнүгүү принциптерин эске алуу, билим берүү процессинде окуучулардын ден соолугун жана өмүр коопсуздугун коргоо;
- Кесиптик ишмердиктеги милдеттерди чечүү үчүн коомдук жана билим берүү мекемелеринин, балдар жамааты менен ата-энелердин ортосундагы карым-катышты уюштуруу;
- Педагогикалык процесске катышкан бардык субъектилердин ортосунда позитивдүү жана конструктивдүү инсан аралык мамилени уюштуруу.

*Кесиптик өнүгүү чөйрөсүндө:*

- Ишмердүүлүккө кесиптик ой жүгүртүү (рефлексия);
- Кесиптик ой жүгүртүүнүн негизинде өзүн-өзү өнүктүрүү боюнча милдеттерди коюу;
- Кесиптик өзүн-өзү өнүктүрүүнү жана личносттук өсүштү ишке ашыруу, мындан аркы билим берүү траекториясын жана кесиптик өсүштү долбоорлоо.

## 4. НББПны ИШКЕ АШЫРУУНУН ШАРТТАРЫНА КАРАТА ЖАЛПЫ ТАЛАПТАР

**4.1**. ЖОЖдун НББПны ишке ашыруудагы укуктарына жана милдеттерине коюлган жалпы талаптар

**4.1.1.** ЖОЖдор даярдоонун багыты боюнча негизги билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгышат. НББП Кыргыз Республикасынын даярдоо багыттары боюнча эмгек рыногунун керектөөлөрүн эсепке алуу менен тийиштүү мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыгат.

ЖОЖдор НББПны илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана коомдук чөйрөнүн өнүгүүсүн эсепке алып, ЖОЖдо билим берүүнүн сапатынын кепилдигин камсыз кылуу боюнча төмөндөгүлөрдө камтылган сунуш-көрсөтмөлөрдү кармануу менен жыл сайын жаңылап турууга милдеттүү:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияларды иштеп чыгуу;

- билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен кайра карап чыгуу, мониторинг жүргүзүү;

- так макулдашылган критерийлердин негизинде студенттердин билимдеринин

жана билгичтиктеринин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларынын деңгээлин баалоонун объективдүү процедураларын иштеп чыгуу;

- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылуу;

- бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылуу, аларды колдонуунун натыйжалуулугун, мунун ичинде окуп жаткандарды сурап билүү жолу менен дагы, көзөмөлдөө;

- өзүнүн ишин (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү мекемелери менен катар коюп салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн-өзү изилдөөнү үзгүлтүксүз жүргүзүү;

- өз ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары, пландар жана инновациялар тууралуу маалыматты коомчулукка жеткирүү.

**4.1.2.** Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо алардын күндөгү жана аралык баалоо, жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын камтышы керек. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү алардын жекече жетишкендиктери тийиштүү НББПнын ортоңку же түпкү талаптарга ылайык келгидей аттестациялоо үчүн билимдерди, билгичтиктерди жана ээ болгон компетенциялардын деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү типтүү тапшырмаларды, текшерүү иштерин, тесттерди ж.б. камтый турган баалоо каражаттарынын базасы түзүлөт. Баалоо каражаттарынын базасын ЖОЖ иштеп чыгат жана бекитет.

Бүтүрүүчү квалификациялык иштердин мазмунуна, көлөмүнө жана структурасына коюлган талаптар ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациядан өткөрүү жөнүндөгү Жобону эсепке алуу менен ЖОЖ тарабынан аныкталат.

**4.1.3.** НББПны иштеп чыгууда бүтүрүүчүлөрдүн коомдук-личносттук компетенцияларын (мисалы, коомдук өз ара аракеттешүү, өзүн-өзү уюштуруу жана башкаруу, системалык-ишмердик мүнөз компетенциялары) калыптандыруудагы ЖОЖдун мүмкүнчүлүктөрү аныкталууга тийиш. ЖОЖ өзүндө социалдык-маданий чөйрөнү түзүп калыптандырууга, инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл шарттарды түзүүгө милдеттүү.

ЖОЖ окуу процессинин коомдук-тарбиялык компонентин, анын ичинде студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүсүн, студенттердин коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, студенттик илимий коомдордун ишине катышуусун жөндөмдөштүрүүгө тийиш.

**4.1.4.** ЖОЖдун НББПсы студент ар бир ОСнын вариативдик бөлүгүнүн үчтөн биринен кем эмес көлөмүн тандагыдай кылып түзүлүшү керек. Дисциплиналарды студенттин тандоосу боюнча түзүүнүн ирээтин ЖОЖдун окумуштуулар кеңеши аныктайт.

**4.1.5.** ЖОЖ студенттердин өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышуусунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү.

**4.1.6.** ЖОЖ НББПны түзүүдө студенттерди алардын укуктары жана милдеттүүлүктөрү менен тааныштырууга, студенттер тандап алган окуу сабактары алар үчүн милдеттүү болуп эсептелинээрин, ал эми алардын суммалык эмгек сыйымдуулугу окуу мерчеминде каралгандан кем болбошу керектигин түшүндүрүүгө милдеттүү.

**4.2.** Студенттин НББПны ишке ашыруудагы укуктарына жана милдеттүүлүктөрүнө карата жалпы талаптар.

**4.2.1.** Студенттер НББПда алдын ала каралып студенттин тандоосу боюнча окуу дисциплиналарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу көлөмүнүн чегинде белгилүү бир дисциплиналарды тандоого укуктуу.

**4.2.2.** Студент өзүнүн жеке билим траекториясын түзүүдө дисциплиналарды тандоо жана алардын болочок адистигине таасири жөнүндө кеп-кеңеш алууга укуктуу.

**4.2.3**. НББПны өздөштүрүүдө натыйжалуулукка жетишүү максатында СИЖМКны өнүктүрүү бөлүгүндө студенттер студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө,

коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катыша алат.

**4.2.4.** Студенттер ЖОЖдун НББПсында алдын ала каралган бардык тапшырмаларды аныкталып белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү.

**4.3.** Студенттин окуу жүгүнүн максималдуу көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен, жумасына 45 саатты түзөт.

Жумасына аудиториялык сабактардын күндүзгү окуу формасындагы көлөмүн ЖКББнын деңгээлин жана даярдоонун багытынын бөтөнчөлүгүн эсепке алуу менен, ар бир окуу сабагын үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 35%дык чегинде МББС аныктайт.

Окуу дисциплинасы боюнча өз алдынча ишке бөлүнгөн сааттардын ичинде ошол дисциплина боюнча экзаменге (модулга) даярданыш керек болгон убакыт дагы камтылат.

**4.4.** Күндүзгү (кечки) окуу формасында аудиториялык сабактардын көлөмү жумасына 16 сааттан аз болбошу керек.

**4.5.** Сырттан окуу формасында студенттин окутуучу менен сабак окуу мүмкүнчүлүгү жылына 160 сааттан аз эмес көлөмдө камсыз кылынууга тийиш.

**4.6.** Окуу жылындагы каникулдук убакыттын жалпы көлөмү 7-10 жумадан кем эмес, мунун ичинде кыш мезгилиндегиси 2 жумадан кем эмес, болушу керек.

## 5. БАКАЛАВРЛАРДЫ ДАЯРДООНУН НББПсына карата ТАЛАПТАР

**5.1.** Бакалаврды даярдоонун НББПсын өздөштүрүүнүн натыйжаларына карата талаптар

Даярдоонун **550300 Филологиялык билим берүү** багыты боюнча “бакалавр” квалификациясы ыйгарылган бүтүрүүчү НББПнын максаттарына жана кесиптик ишмердиктин ЖКББ МББСнын 3.4- жана 3.8-пункттарында көрсөтүлгөн милдеттерине ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болууга тийиш:

**а) универсалдык:**

– *жалпы илимий (ЖИК):*

**ЖИК-1**. Бизди курчап турган дүйнө жөнүндөгү илимий билимдерди колдонууга жана ага сын көз менен кароого, турмуш баалуулуктарына, маданиятка багыт алууга, активдүү жарандык позицияга ээ болууга, адамдарды урматтоого жана толеранттуулукка жөндөмдүү болуу;

– *инструменталдык (ИК):*

**ИК-1.** Мамлекеттик, расмий тилде жана иш, окуу чөйрөсүндөгү чет тилдердин биринде иштиктүү баарлашуу жүргүзүүгө жөндөмдүү болуу;

**ИК-2.** Иш жана окуу чөйрөсүндөгү татаал маселелерди чечүү үчүн маалыматтык технологияларды колдонуу менен жаңы билимдерди алууга жана колдонууга жөндөмдүү болуу;

**ИК-3.** Кесиптик ишмердигинде ишкердик билимдерди жана билгичтиктерди колдонууга жөндөмдүү болуу.

– *коомдук-инсандык жана жалпы маданий компетенция (КИЖМК):*

**КИЖМК-1.** Белгилүү бир адамдардын же топтордун кесиптик ишмердигинде максаттарга жетишүүнү камсыздоого жөндөмдүү болуу.

– *кесиптик (КК):*

**КК-1.** Кесиптик маселелерди чечүүдө психологиялык-педагогикалык билимди колдоно алат жана кесиптик ишмердүүлүгүндө педагогикалык изилдөөнүн жыйынтыктарын колдонууга жөндөмдүү;

**КК-2**. Методикалык маселелерди чечүү ыкмаларын (моделдер, методика, окутуунун технологиялары жана ыкмалары) билет жана окутуунун сапатын баалоо

технологияларын колдонууга жөндөмдүү;
**КК-3.** Окуу процесси үчүн окутуунун инсанга жана туруктуу өнүгүүгө (сергек жашоо, жаратылышты коргоо жана рационалдуу колдонуу, энергоэффективдүүлүк, маданий көп түрдүүлүк, гендер, инклюзия ж.б.) багытталган принциптерине оптималдуу шарт түзүүгө жөндөмдүү;
**КК-4**. Окутулгандарды социалдаштыруунун ыкмаларын, техникасын, методикасын билет жана окуучулардын кесиптик өзүн-өзү аныктоосу үчүн шарт түзүүгө жөндөмдүү;
**КК-5.** Туруктуу улуттук баалуулуктардын негизинде окуучуларды руханий-нравалык жактан тарбиялоонун принциптери менен шарттарын түзүүгө жөндөмдүү;
**КК-6**. Билим берүү жана тарбия маселелери боюнча эксперттик-кеңеш берүүчүлүк иштерге катышууга, инновациялык долбоорлорго катышууга, ошондой эле учурдагы коомдук-маданий параметрлерди эске алуу менен долбоорлорду иштеп чыгууга жөндөмдүү;
**КК-7**. Окуу программаларын өз алдынча тандай билет, аларга дидактикалык материалдарды ылайыктайт жана педагогикалык рефлексиянын негизинде окуу процессине адаптапцияланганда кийин аларды колдоно алат;
**КК-8**. Программалардын темалары менен бөлүмдөрүнүн бөтөнчөлүгүн эске алуу менен жана окуу планына ылайык предмет (предметтер) боюнча окуу сабактарын пландаштырууга жөндөмдүү;
**КК-9**. Интерактивдүү формаларды жана окутуу усулдарын колдонуу менен педагогикалык ишмердикти жүзөгө ашырууга жөндөмдүү;
**КК-10**. Окуучулардын ар кандай чөйрөдөгү (акыл, коомдук, моралдык ж.б.) өнүгүү деңгээлин аныктай алат жана ага жараша ар түрдүү терс таасирлерге (зомбулук, ичимдик жана баңги заттарын колдонуу ж.б.) жол бербөө үчүн алдын алуу иштерин жүргүзүүгө жөндөмдүү;
**КК-11**. Интеграцияланган жалпы жана кесиптик билимдердин, анын ичинде иш жана окуу чөйрөсүндөгү теориялар менен принциптерди сын ой жүгүртүү менен түшүнүүнү камтыган билимдердин кеңири диапазонуна ээ;
**КК-12**. Өзү үйрөнгөн тилинин адабияты жөнүндө анын тарыхый өнүгүү жана азыркы абалында билимдерге ээ;
**КК-13.** Үйрөнүлгөн тилдеги оозеки жана жазуу кебин кабылдоо, түшүнүү, ошондой эле көп кырдуу анализдөө билгичтиктерине ээ;
**КК-14**. Тексттердин ар түрдүү типтерин жана түрлөрүн чечмелөө, иштеп чыгуу, түзүү жана трансформациялоо, усулдарды, анализ ыкмаларын колдонууга жөндөмдүү;
**КК-15.** Тексттердин ар түрдүү типтерин лингвистикалык (адабият таануучулук дагы) көз караште өз алдынча анализдөөгө, чечмелөөгө жөндөмдүү;
**КК-16.** Үйрөнүлгөн тилде тилдин социомаданий өзгөчөлүктөрүнө ылайык оозеки жана жазуу түрүндө баарлашуу стратегияларын түзүүгө жөндөмдүү;
**КК-17.** Тилге жана адабиятка интеграциялап окутуу усулдарын колдонууга жөндөмдүү;
**КК-18.** Жүргүзүлгөн кесиптик рефлексиянын негизинде жеке өнүгүү боюнча милдеттерди кое алат.

Бакалаврды даярдоо үчүн билим берүү программаларын иштеп чыгууда бардык универсалдык компетенциялар, ошондой эле кесиптик ишмердиктин бул программа багытталган кесиптик компетенциялары дагы, программанын окутуунун жыйынтыктары талап кылган тобуна кирет. Даярдоо процессинде окуучу аны даярдоонун белгилүү бир профилине байланышкан башка (атайын кесиптик) компетенцияларын алса болот.

Профиль 5тен кем эмес аталыштагы кошумча атайын кесиптик компетенциялар менен жана ЖОЖ тарабынан өзүнчө аныкталат. Профилдердин тизмеси ОМБда бекитилет.

Кошумча компетенциялардын тизмеси квалификациялардын улуттук рамкасынын, квалификациялар менен кесиптик стандарттардын (эгер болсо) тармактык / сектордук чектеринин негизинде аныкталат.

**5.2. 550300 Филологиялык билим берүү** багыты боюнча бакалаврларды

даярдоонун НББПнын түзүмүнө талаптар

Бакалаврларды даярдоонун НББП төмөндөгү окуу циклдерин үйрөнүүнү караштырат (таблица):

**550300 Филологиялык билим берүү багыты боюнча бакалаврларды даярдоонун НББП тармагы**

1-таблица

| **Бакалаврларды даярдоонун НББП тармагы** | | **Бакалаврларды даярдоонун НББП жана анын блокторунун кредиттер ирээтиндеги көлөмү** |
|---|---|---|
| 1-блок | Дисциплиналар | |
| | Гуманитардык, коомдук жана экономикалык цикл<br>Математикалык жана табигый цикл<br><br>Кесиптик цикл | 20-35 сан ОМБ тарабынан аныкталат<br>15-20 сан ОМБ тарабынан аныкталат<br>140-160 сан ОМБ тарабынан аныкталат |
| 2-блок | Практика | 15-25 |
| 2-блок | Мамлекеттик жыйынтыктоочу сынак | 10-15 |
| **Бакалаврларды даярдоонун НББП ЖКББ көлөмү** | | 240 |

ЖОЖ бакалаврларды даярдоонун НББПсын ЖББСтин талаптарына ылайык иштеп чыгат жана квалификациялардын улуттук рамкасына ылайык билим берүүнүн жыйынтыктарына жетишүү жоопкерчилигин алып жүрөт.

Бакалаврларды даярдоонун НББПсынын ар бир блогуна тийиштүү дисциплиналардын (модулдардын) жыйындысын жана алардын татаалдыгын ар бир ЖОЖ өз алдынча блок үчүн белгиленген көлөмгө ылайык, аны өздөштүрүүнүн жыйынтыктарына карата талаптарды эске алып, квалификациялардын улуттук рамкасы тарабынан каралган билим берүү жыйынтыктарынын жыйындысы түрүндө иштеп чыгат.

5.2.1. Бакалаврларды даярдоонун НББПсы төмөнкүлөрдү:

- Тизмеси жана татаалдыгы Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү мамлекеттик тиешелүү орган тарабынан аныкталган гуманитардык, коомдук жана экономикалык циклдердеги милдеттүү дисциплиналарды;
- 360 сааттан кем эмес көлөмдөгү, өздөштүрүү үчүн милдеттүү деп саналган, бирок кредиттерге которулбаган жана бакалаврларды даярдоонун НББПнын көлөмүнө кирбеген дене тарбия жана спорт боюнча дисциплиналарды – жүзөгө ашырууну камсыздоого тийиш.

5.2.2. «Практика» деген 2-блок тааныштыруу (адаптациялык-педагогикалык) жана педагогикалык (кесиптик-базалык, кесиптик-профилдик, квалификация алдындагы) практикаларды камтыйт.

ЖОЖ практиканын бир же бир нече түрүн тандоого, ошондой эле белгиленген кредиттердин чегинде практиканын кошумча тибин киргизүүгө укуктуу.

5.2.3. «Мамлекеттик жыйынтыктоочу сынак» деген 3-блок мамлекеттик сынак тапшырууну, ага чейинки даярдыкты, бүтүрүүчү квалификациялык иштерди аткарууну жана коргоону (эгерде ЖОЖ бүтүрүүчү квалификациялык ишти жыйынтыктоочу мамлекеттик сынактын тутумуна киргизген болсо) камтыйт.

5.2.4. Бакалаврларды даярдоонун НББПсынын чегинде милдеттүү жана элективдик бөлүктөр аныкталат.

Бакалаврларды даярдоонун НББПсынын милдеттүү бөлүгүнө квалификациялардын улуттук чегинин деңгээлдерин эске алуу менен жалпы илимий, универсалдык, коомдук-личносттук, жалпы маданий жана кесиптик компетенциялардын калыптанышын камсыздай турган дисциплиналар жана практикалар тиешелүү.

Мамлекеттик аттестациянын көлөмүн эске албаганда, милдеттүү бөлүктүн көлөмү бакалаврларды даярдоонун НББПсынын жалпы көлөмүнүн 50дөн көп эмес %ын түзүүгө тийиш.

Бакалаврларды даярдоонун НББПсынын элективдик бөлүгүндө студенттер тиешелүү багыт боюнча дисциплиналарды тандай алышат, ошондой эле бакалаврларды даярдоонун НББПсынын башка багыттарынын дисциплиналарынан дагы тандоого болот.

**5.2.5.** Бакалаврларды даярдоонун НББПсы боюнча ЖОЖ сак-саламаттыгы жагынан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга (өздөрүнүн арызы боюнча) алардын психофизикалык өнүгүүсүнүн, жеке мүмкүнчүлүктөрүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алып окуганга, жана, зарылдыгына жараша, НББПдан тышкары, сак-саламаттыгы боюнча окууга каршы жактарын караштырып, ал адамдардын өнүгүүсүнүн жана коомдук адаптациясынын бузулушун коррекциялоону камсыздаганга мүмкүнчүлүк бериши керек.

**5.3.** Бакалаврлардын негизги окуу программаларын ишке ашыруу шарттарына коюлуучу талаптар

**5.3.1.** Окуу процессин кадрлар менен камсыздоо

Бакалавриаттын негизги окуу программаларын ишке ашыруу окутулуучу дисциплиналар боюнча базалык билими бар, илимий даражага ээ болгон жана тиешелүү чөйрөдө ишмердик тажрыйбасын топтогон жана үзгүлтүксүз илимий жана илимий-методикалык ишмердикте эмгектенген кадрлар аркылуу камсыздалуусу милдеттүү.

Кесиптик циклдин окутуучулары, эрежеге ылайык, магистр, илимдин кандидаты, илимдин доктору эрежелерине ээ жана (же) тиешелүү кесиптик чөйрөдө ишмердик тажрыйбасына ээ болууга тийиш.

Илимдин доктору же илимдин кандидаты илимий даражасына ээ окутуучулар тарабынан окулган дисциплиналардын, лекциялардын үлүшү дисциплиналардын жалпы санынын 40% дан аз эмес бөлүгүн түзүүгө тийиш.

Илимий даражага жана /же илимий наамга ээ окутуучулардын жалпы санынын 10%га чейинкиси бул багыт (профиль) боюнча жетекчи кызматтарда эң кийинки 10 жылдык практикалык эмгек стажына ээ окутуучулар же алдыңкы адистер тарабынан алмаштырылса болот.

**5.3.2.** Окуу процессин окуу-методикалык жана маалыматтык жактан камсыздоо

НББП окуу-методикалык документтер жана НББПнын бардык окуу модулдарынын материалдары менен камсыздалуусу зарыл.

НББПнын ишке ашырылышы ар бир студенттин бирдиктүү базага жана негизги окуу программаларынын модулдарынын тизмесине шайкеш келген китепканалык фондуга кирүүсү аркылуу камсыздалышы керек. Өз алдынча окуп жаткандардын электрондук окутуу платформасына жана Интернет тармагына кирүүсү камсыздалат.

НББП боюнча ар бир окуп жаткан талапкер жалпы билим берүү программасына кирген кесиптик циклдеги ар бир дисциплина боюнча бирден кем эмес окуу-методикалык басылма жана (же) электрондук басылма менен камсыздалышы керек.

Китепканалык фонд бардык циклдердин базалык бөлүгүндөгү акыркы 10 жыл ичинде жарык көргөн негизги окуу адабияттарынын басылма же электрондук түрдөгү үлгүлөрүнөн турушу керек.

Окуу китептеринен тышкаркы кошумча адабияттардын фонду өз ичине расмий, справкалык-библиографиялык, атайын мезгилдик басылмаларды камтыганы максатка ылайык.

Электрондук-китепканалык система ар бир студенттин Интернет тармагына кошулууга мүмкүнчүлүгү болгон өлкөнүн бардык аймагына жекече түрдө кирүүсүн камсыздоосу да зарыл. Окууга тартылгандар үчүн заманбап кесиптик маалымат базаларына, маалымат сурап-билүү жана изилдөө системаларына да кирүү мүмкүндүгү болушу керек.

**5.3.** Окуу процессин материалдык-техникалык жактан камсыздоо

Бакалаврларды даярдоо боюнча негизги окуу программаларын ишке ашыруучу жогорку окуу жайы ЖОЖдун окуу планында каралган дисциплиналар жана дисциплиналар аралык даярдоо боюнча студенттердин практикалык жана илимий изилдөө иштерин жүргүзүүнү камсыз кылган жана учурдагы санитардык жана өрт коопсуздугунун нормаларына эрежелерине жооп берген материалдык-техникалык базага ээ болуусу керек.

Бакалаврларды даярдоо программаларын ишке ашыруу негизги материалдык зарыл болгон материалдык-техникалык камсыздоо тизмесин камтыйт:

1. Мультимедиялык демонстрациялык комплекстер менен жабдылган окуу аудиториялары
2. Интернет тармагына чыгуу мүмкүндүгү бар компьютердик класстар
3. Тиешелүү профиль боюнча жабдылган атайын кабинеттер
4. Окуу-методикалык кабинеттер
5. Спорттук машыгуу залдары жана атайын сабактарды өткөрүүгө ылайыкташтырылган (ишке ашырылуучу профилге жооп берген) аудиториялар.

Электрондук басылмаларды пайдалануу мезгилинде ЖОЖ ар бир студентти өз алдынча окуу мезгилинде компьютердик класстардан программасына жооп берүүчү дисциплиналардын көлөмүнө ылайык жумушчу орун менен камсыздашы керек.

**5.3.4.** Бүтүрүүчүлөрдүн даярдык сапатын баалоо

Негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн сапатын баалоо окуучулардын жетишүүсүнүн учурдагы, аралык аттестациясын жана бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын камтууга тийиш.

Ар бир дисциплина боюнча учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу баалоонун белгилүү бир формалары жана процедуралары ЖОЖ тарабынан өз алдынча иштелип чыгат жана студенттерге окуунун биринчи айынын ичинде жеткирилет.

Окуучуларды тиешелүү НББПтын мезгилдик талаптарына жеке жетишкендиги жагынан шайкештигин аттестациялоо үчүн (учурдагы, аралык аттестация) типтүү билимдерди, алынган компетенциялардын деңгээлин баалай турган тапшырмаларды, контролдук иштерди, тесттерди, жана текшерүү усулдарын камтыган баалоо каражаттарынын фонду уюшулат.

Окуучулардын учурдагы жана аралык аттестацияларынын программаларын алардын болочок кесиптик ишмердиги менен болушунча жакындатуу үчүн ЖОЖ тараынан шарттар түзүлүшү керек – мун үчүн белгилүү бир дисциплиналардын окутуучуларынан тышкары тышкы эксперттер ирээтинде сынакка иш берүүчүлөр, аралаш дисциплиналарды окутуучулар ж.б. тартылууга тийиш.

Окуучуларга бүтүндөй окуу процессинин мазмуну, уюштурулушу жана сапаты менен катар айрым окутуучулрадын иштерин баалоо мүмкүндүгү берилиши керек.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация бүтүрүүчү классификациялык иштин корголуусун камтыйт. Мамлекеттик сынакты өткөрүүнү ЖОЖ өзү чечет.

Жыйынтыктоочу классификациялык иштин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүлүшүнө, ошондой эле мамлекеттик сынакка (эгер болсо) талаптар ЖОЖ тарабынан аныкталат.

Бул **550300 Филологиялык билим берүү** багыты жогорку кесиптип билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарт – И.Арабаев атындагы КМУнин жогорку окуу жайынын базасында, педагогикалык билим берүү тармагындагы Окуу-усулдук бирикмеси тарабынан иштелип чыккан.

**Түзүүчүлөр:**

Педагогикалык билим берүү боюнча ОМБнын төрагасы
физ-мат. илимдеринин кандидаты, доцент ________________**Ж.Т. БЕКСУЛТАНОВ**

Педагогикалык билим берүү боюнча ОМБнын
жоопту катчысы тарых ил. кандидаты, доцент __________**Р. А. ЗАЙНИЕВ**

Филологиялык билим берүү секциясынын башчысы
филология илимд. доктору, профессор _____________**А.А.ЭГЕМБЕРДИЕВА**

Мамлекеттик тил жана маданият институтунун
директору, филол. ил. кандидаты, профессор _____________**А.О. ДЮШЕМБИЕВА**

Орус тили жана адабияты кафедрасынын башчысы
филология илимд. доктору, профессор ______________**Г.У.СООРОНКУЛОВ**

Англис тилинин теориясы, технологиясы жана
практикасы кафедрасынын профессору,
филология илимдеринин доктору ________________ **Ш.К.КАДЫРОВА**

Кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары
кафедрасынын улуу окутуучусу ________________**Ф.А.МЫРЗАЕВА**

И.Арабаев атындагы КМУнун окуу башкармалыгынын
окуу - инспекциялык бөлүмүнүн башчысы _____________ **К.С.КЫДЫКБАЕВА**

**1-тиркеме**

Базалык окуу жай катары И.Арабаев атындагы КМУда «Педагогикалык билим берүү» боюнча Окуу-методикалык бирикменин Филологиялык билим берүү багыты боюнча сунуштаган дисциплиналарынын тизмеси, профиль **«Кыргыз тили жана адабияты»**

| № | **Дисциплиналардын аталышы** |
|---|---|
| 1. | Азыркы кыргыз тили |
| 2. | Кыргыз тилинин практикалык курсу |
| 3. | Кыргыз адабиятынын практикалык курсу |
| 4. | Кыргыз фольклорунун жана маданиятын тарыхы |
| 5. | XIX к.чейинки кыргыз адабияты |
| 6. | Азыркы кыргыз адабиятынын тарыхы |
| 7. | Кыргыз диалектологиясы |
| 8. | Түркология |
| 9. | Чыгыш элдер адабияты |
| 10. | Батыш элдер адабияты |
| 11. | Стилистика |
| 12. | Кеп маданияты |
| 13. | Кыргыз тилинин тарыхы |
| 14. | Көркөм окуу |
| 15. | Жалпы тил илими |
| 16. | Адабият теориясы |
| 17. | Адабий сындын тарыхы |
| 18. | Акындар поэзиясы |
| 19. | Түрк тилдеринин салыштырма грамматикасы |
| 20. | Кыргыз адабий тилинин нормалары |
| 21. | Текстке лингвистикалык анализ |
| 22. | Котормонун теориясы жана практикасы |
| 23 | Тандоо курстары |

**2-тиркеме**

Базалык окуу жай катары И.Арабаев атындагы КМУда «Педагогикалык билим берүү» боюнча Окуу-методикалык бирикменин Филологиялык билим берүү багыты боюнча сунуштаган дисциплиналарынын тизмеси, профиль **« Мамлекеттик тил кыргыз тилинде окутулбаган билим берүү мекемелеринде »**

| № | **Дисциплиналардын аталышы** |
|---|---|
| 1. | Азыркы кыргыз тили |
| 2. | Кыргыз тилинин практикалык курсу |
| 3. | Кыргыз адабиятынын практикалык курсу |
| 4. | Кыргыз фольклорунун жана маданиятын тарыхы |
| 5. | XIXк. чейинки кыргыз адабияты |
| 6. | Азыркы кыргыз адабиятынын тарыхы |
| 7. | Кыргыз диалектологиясы |
| 8. | Чыгыш элдер адабияты |
| 9. | Батыш элдер адабияты |
| 10. | Стилистика |
| 11. | Кеп маданияты |
| 12. | Кыргыз тилинин тарыхы |
| 13. | Көркөм окуу |
| 14. | Жалпы тил илими |
| 15. | Адабият теориясы |
| 16. | Акындар поэзиясы |
| 17. | Салыштырма типология |
| 18. | Азыркы орус тили |
| 19. | Котормонун теориясы жана практикасы |
| 20 | Тандоо курстары |

**3-тиркеме**

Базалык окуу жай катары И.Арабаев атындагы КМУда «Педагогикалык билим берүү» боюнча Окуу-методикалык бирикменин Филологиялык билим берүү багыты боюнча сунуштаган дисциплиналарынын тизмеси, профиль **«Орус тили жана адабияты»**

| № | **Дисциплиналардын аталышы** |
|---|---|
| 1. | Орус тилинин практикалык курсу |
| 2. | Оозеки жана жазуу кебин өнүктүрүү |
| 3. | Стилистика жана кеп маданияты |
| 4. | Орус адабий тилинин нормалары |
| 5. | Азыркы орус тили |
| 6. | Салыштырма типология |
| 7. | Кыргыз адабиятынын тарыхы |
| 8. | Текстке филологиялык анализ |
| 9. | Жалпы тил илими |
| 10. | Көркөм окуу |
| 11. | Байыркы орус адабияты |
| 12. | 18-к. орус адабиятынын тарыхы |
| 13. | 19-к. орус адабиятынын тарыхы |
| 14. | 20-, 21-кк. орус адабиятынын тарыхы |
| 15. | Орус адабиятынын практикалык курсу |
| 16. | Орус элдик оозеки чыгармачылыгы |
| 17. | Борбордук Азиянын жана Чыгыштын адабияты |
| 18. | Антикалык адабият, Орто кылымдар, Кайра жаралуу доору |
| 19. | 17-21-кк. дүйнөлүк адабияттын тарыхы |
| 20. | Балдар адабияты |
| 21. | Адабият теориясы |
| 22. | Студенттердин өз алдынча иштеринин методологиясы |
| 23. | Тандоо курстары |

**4-тиркеме**

Базалык окуу жай катары И.Арабаев атындагы КМУда «Педагогикалык билим берүү» боюнча Окуу-методикалык бирикменин Филологиялык билим берүү багыты боюнча сунуштаган дисциплиналарынын тизмеси, профиль **«Чет тили»**

| № | **Дисциплиналардын аталышы** |
|---|---|
| 1 | Окутулуп жаткан негизги чет тилинин практикалык курсу |
| 2 | Окутулуп жаткан тилдин практикалык грамматикасы |
| 3 | Окутулуп жаткан тилдин өлкөсүн таануу |
| 4 | Окутулуп жаткан тилдин теориялык фонетикасы |
| 5 | Окутулуп жаткан тилдин тарыхы |
| 6 | Окутулуп жаткан тилдин лексикологиясы |
| 7 | Окутулуп жаткан тилдин стилистикасы |
| 8 | Окутулуп жаткан тил менен эне тилдин салыштырма типологиясы |
| 9 | Окутулуп жаткан тилдин теориялык грамматикасы |
| 10 | Котормонун теориясы жана практикасы |
| 11 | Окутулуп жаткан тилдин адабияты |
| 12 | Экинчи чет тили |
| 13 | Тандоо курстары |

**5-тиркеме**

Базалык окуу жай катары И.Арабаев атындагы КМУда «Педагогикалык билим берүү» боюнча Окуу-методикалык бирикменин Филологиялык билим берүү багыты боюнча сунуштаган дисциплиналарынын тизмеси, профиль **«Манастаануу»**

| **№** | **Дисциплиналардын аталышы** |
|---|---|
| 1 | «Манас» эпосунун өзөктүк окуялары |
| 2 | «Манас» эпосунун изилдөө тарыхы |
| 3 | «Манас» эпосундагы философиялык дүйнө тааным |
| 4 | «Манас» эпосунун классикалык варианттары |
| 5 | «Манас» эпосундагы негизги образдар системасы |
| 6 | «Манас» эпосунун лингвистикасы |
| 7 | «Манас» эпосундагы этнопедагогика |
| 8 | «Манас» эпосундагы этнопсихология |
| 9 | «Манас» эпосундагы идеология |
| 10 | «Манас» эпосундагы этнография |
| 11 | «Манас» эпосунун поэтикасы |
| 12 | «Манас» эпосунун текстологиясы |
| 13 | Манасчылык өнөр |
| 14 | Кыргыз адабиятынын тарыхы |
| 15 | Кыргыз адабиятынын теориясы |
| 16 | Кыргыз элинин эпикалык поэзиясы |
| 17 | Акындар поэзиясы |
| 18 | Кыргыз маданиятынын тарыхы |
| 19 | Кыргыз таануу |
| 20 | Азыркы кыргыз тили |
| 21 | Кыргыз диалектологиясы |
| 22 | Кыргыз адабий тилинин нормалары |
| 23 | Кыргыз тилинин практикалык курсу |

| | |
|---|---|
| 24 | Чечендик өнөр |
| 25 | Түрк тилдүүэ лдердин руханий маданияты |
| 26 | Дүйнөлүк цивилизациялардын тарыхы |
| 27 | Дүйнө элдеринин маданияты |
| 28 | Дүйнө элдеринин фольклористикасы |

Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министрлигинин
2021ж. «___» __________ №______
буйругуна тиркеме

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН

# БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

# ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН

# МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**БАГЫТЫ: 570600 – Китепкана таануу жана документ таануу**

**Квалификациясы: магистр**

**Бишкек 2021**

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**1.1.** Бул Жогорку кесиптик билим берүүнүн **570600 – Китепкана таануу жана документ таануу** даярдоо багыты боюнча мамлекеттик билим берүү стандарты Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы мамлекеттик ыйгарым укуктуу орган тарабынан Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамына жана билим берүү тармагындагы башка нормативдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте бекитилген.

Бул Мамлекеттик билим берүү стандартын аткаруу менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыктыгына карабастан магистрлерди даярдоо боюнча кесиптик билим

берүү программаларын ишке ашырган бардык жогорку окуу жайлары үчүн милдеттүү болуп саналат.

### 1.2. Терминдер, аныктамалар, белгилер, кыскартуулар

Бул Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында терминдер жана аныктамалар Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына жана мыйзам менен бекитилген тартипте күчүнө кирген жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Респуликасы катышкан эл аралык келишимдерге ылайык колдонулат:

- **негизги билим берүү программасы** - тиешелүү даярдоо багыты боюнча билим берүү процессинин максаттарын, күтүлүүчү натыйжаларын, мазмунун жана ишке ашыруунун уюшулушун регламенттөөчү окуу-методикалык документтердин жыйындысы;
- **даярдоо багыты** - фундаменталдык даярдоо жалпылыгынын негизинде интеграцияланган ар кандай профилдеги жогорку кесиптик билими бар кадрларды (адистерди, бакалаврларды жана магистранттарды) даярдоого багытталган билим берүү программаларынын жыйындысы;
- **профиль** - негизги билим берүү программасынын конкреттүү түрүнө жана (же) кесиптик ишмердүүлүктүн объектисине багыттуулугу;
- **компетенция -** окуучунун (билим алычуунун) белгиленген чөйрөдө эффективдүү жемиштүү ишмердүүлүгүнө керек болгон билим алуусу үчүн алдын ала белгиленген социалдык талап (ченем);
- **бакалавр** - магистратурага тапшырууга жана кесиптик ишмердүүлүктү жүзүнө ашырууга укук берүүчү жогорку кесиптик билим берүүнүн квалификациялык даражасы;
- **магистр** - аспирантурага жана (же) базалык докторантурага (PhD / профили боюнча) тапшырууга жана кесиптик ишмердүүлүктү жүзүнө ашырууга укук берүүчү жогорку кесиптик билим берүүнүн квалификациялык даражасы;
- **кредит** - негизги билим берүү программасынын эмгек сыйымдулугунун шарттуу чени;
- **окуутунун жыйынтыгы** - негизги билим берүү программасы/модуль боюнча окутуунун натыйжасында өздөштүрүлгөн компетенциялар;
- **жалпы илимий компетенциялар** - кесиптик ишмердүүлүктүн бардык (же көпчүлүк) түрлөрүнө таандык болгон мүнөздөмөлөр: окуп үйрөнүүгө, талдоого жана синтездөөгө ж.б. болгон жөндөмдүүлүк;
- **инструменталдык компетенциялар** - когнитивдик жөндөмдөрүн, идеяларды жана ойлорду түшүнүү жана колдонуу жөндөмүн; методикалык жөндөмдөрүн, айлана-чөйрөнү түшүнүү жана башкаруу, убакытты уюштуруу, окуу, чечим кабыл алуу жана көйгөйлөрдү чечүү стратегияларын түзүү жөндөмдөрүн; технологиялык көндүмдөрүн, техниканы колдонууга байланышкан көндүмдөрүн, компьютерде иштөө көндүмдөрүн жана маалыматты башкаруу жөндөмдөрүн; лингвистикалык көндүмдөрүн, коммуникативдик компетенцияларын камтыйт;
- **социалдык-жеке инсандык жана жалпы маданий компетенциялар** - сезимди жана мамилени билдирүү жөндөмү, сынчыл ой жүгүртүү жана өзүн өзү сындоо жөндөмү менен байланышкан жеке жөндөмдүүлүктөр, ошондой эле социалдык өз ара аракеттенүү жана кызматташуу процесстери, топтор менен иштөө, социалдык и этикалык милдеттенмелерди кабыл алуу жөндөмдүүлүк менен байланышкан социалдык көндүмдөр;
- **кесиптик стандарт** - кесиптик ишмердүүлүктүн белгилүү бир түрүнүн алкагында анын мазмунуна жана сапатына карата талаптарын аныктоочу жана ишмердүлүгүнүн түрүнө карабастан кандайдыр бир уюмдун штатынан өз ордун татыктуу түрдө ээлөөгө

ылайык болууга милдеттүү болгон кызматкердин квалификациясынын сапаттык деңгээлин мүнөздөөчү негизги документ.

**1.3. Кыскартуулар жана белгилөөлөр**

Бул Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөнкү кыскартуулар колдонулат:

**МББС** - мамлекеттик билим берүү стандарты;

**ЖКББ** - жогорку кесиптик билим берүү;

**НББП** - негизги билим берүү программасы;

**ОМБ** - окуу-методикалык биримдиктер;

**ЖИК** – жалпы илимий компентенциялар;

**ИК** – инструменталдык компетенциялар;

**НББП ДЦ** - негизги билим берүү программасындагы дисциплиналар цикли;

**СЖИЖМК** – социалдык-жеке инсандык жана жалпы маданий компентенция.

**КК** – кесиптик компентенциялар;

## 2. Пайдалануу чөйрөсү

2.1. Бул Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары – ЖКББ МББС) **570600 – Китепкана таануу жана документ таануу** магистрлерди даярдоо багыты боюнча НББПсын ишке ашырууда милдеттүү болгон нормалардын, эрежелердин жана талаптардын жыйындысы жана менчиктин формаларына жана ведомстволук таандыктыгына карабастан Кыргыз Республикасынын аймагында тиешелүү магистрлерди даярдоо багыты боюнча лицензиясына ээ болгон жогорку кесиптик билим берүүнүн бардык билим берүү уюмдары (мындан ары - ЖОЖ) тарабынан окуу жана уюштуруучулук-усулдук документтеринин иштеп чыгарылуусуна, жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүү сапатынын баалашына негиз болуп саналат.

2.2. **570600 – Китепкана таануу жана документ таануу** даярдоо багыты боюнча бул ЖКББ МББСнын негизги пайдалануучулары төмөндөгүлөр:

- ЖОЖдордун администрациясы жана илимий-педагогикалык курамы (профессордук-окутуучулук курам, илимий кызматкерлер), өз ЖОЖрунда бул даярдоо багыты боюнча илимдин, техниканын жана социалдык чөйрөнүн жетишкендиктерин жана даярдоо деңгээлин эске алуу менен негизги кесиптик билим берүү программаларын иштеп чыгууга, натыйжалуу жүзөгө ашырууга жана жаңыртууга жооптуулар;
- бул даярдоо багыты жана даярдоо деңгээли боюнча ЖОЖдун негизги билим берүү программасын өздөштүрүү жаатында өзүнүн окуу иштерин эффективдүү жүзөгө ашырууга жооптуу болгон студенттер;
- жогорку окуу жайлардын ректорлору жана өз компетенциясынын чегинде бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапаты үчүн жооптуу болгон проректорлор;

- кесиптик ишмердүүлүктүн тиешелүү чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн биримдиги;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү аткаруу бийлигинин борбордук мамлекеттик органынын тапшырмасы боюнча негизги билим берүү программасынын иштелип чыгышын камсыздоочу окуу-методикалык бирикмелер жана кеңештер;
- жогорку кесиптик билим берүүнүн каржылоосун камсыздоочу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары;
- кесиптик билим берүү системасында мыйзамдардын сакталышынын көзөмөлүн камсыз кылуучу аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары;
- жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү билим берүү программаларынын жана уюмдарынын аккредитациясын өткөрүүчү аккредитациялык агенттиктер.

2.3. **Абитуриенттердин даярдык деңгээлине талаптар**

2.3.1. “Магистр” академиялык даражасын ыйгаруу менен аяктаган жогорку кесиптик билим алууга талапкер абитуриенттин билим деңгээли – “бакалавр” академиялык даражасын ыйгаруу менен аяктаган жогорку кесиптик билим же тиешелүү байланышы бар адистиги боюнча “адис” академиялык даражасын ыйгаруу менен аяктаган жогорку кесиптик билим.

2.3.2. Абитуриентте “бакалавр” академиялык даражасын ыйгаруу менен аяктаган жогорку кесиптик билими же “адис” академиялык даражасын ыйгаруу менен аяктаган жогорку кесиптик билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документи болушу керек.

## 3. Даярдоо багытынын жалпы мүнөздөмөсү

3.1. Кыргыз Республикасында **570600 – Китепкана таануу жана документ таануу** даярдоо багыты боюнча төмөндөгүлөр иш жүзүнө ашырылат:

- бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НББП;
- магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББП

ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнө бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НББПны толугу менен өздөштүрүп, белгиленген тартиптеги мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясынан ийгиликтүү өткөндөн кийин “бакалавр” академиялык даражасы ыйгарылып, жогорку билими тууралуу диплом берилет.

ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнө магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББПны толугу менен өздөштүрүп, белгиленген тартиптеги мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясынан ийгиликтүү өткөндөн кийин “магистр” академиялык даражасы ыйгарылып, жогорку билими тууралуу диплом берилет.

Бакалаврларды даярдоо багытынын алкагындагы ЖКББ НББПнын профилдери ЖОЖ тарабынан (эгерде бар болсо) квалификациялардын тармактык/сектордук алкактын негизинде аныкталат.

3.2. Жалпы орто же орто кесиптик билимдин негизинде **570600 – Китепкана таануу жана документ таануу** даярдоо багыты боюнча магистрлерди даярдоонун ЖКББ НББПсын өздөштүрүүнүн нормативдик мөөнөтү күндүзгү окуу формасында 6 жылдан кем эмес,

“бакалавр” академиялык даражасын ыйгаруу менен тастыкталган жогорку кесиптик билимдин негизинде – 2 жылдан кем эмес.

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формаларында, ошондой эле билим берүүнүн ар кандай формалары айкалышкан учурда, “бакалавр” академиялык даражасын ыйгаруу менен тастыкталган жогорку кесиптик билимдин негизинде магистрлерди даярдоонун ЖКББ НББПсын өздөштүрүү мөөнөтү ЖОЖ тарабынан күндүзгү окуу үчүн белгиленген стандарттык нормативдик мөөнөтүнө салыштырмалуу алты айдан бир жылга чейин узартылат.

“Адис” академиялык даражасын ыйгаруу менен тастыкталган толук жогорку кесиптик билимдин негизинде магистрлерди даярдоонун ЖКББ НББПсын өздөштүрүү мөөнөтү бир жылдан кем эмес.

Тиешелүү байланышы жок даярдоо багыттары жана адистиктери боюнча жогорку кесиптик билимге ээ болгон абитуриенттер үчүн билим берүү программасын өздөштүрүү мөөнөтү ЖКББ НББПнын тиешелүү багыттары боюнча магистрлерди даярдоо боюнча базылык билимин жана компетентцияларын түзүүчү теңдөөчү курстарды өздөштүрүүнүн эсебинен алты айга узартылат.

Жекече окуу планы боюнча окутууда, билим алуу формасына карабастан, окуу мөөнөтү ЖОЖ тарабынан өз алдынча белгиленет.

Ден соолугуна байланыштуу мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын жеке окуу планы боюнча окутууда, ЖОЖ тиешелүү окуу формасы үчүн белгиленген мөөнөткө салыштырмалуу окуу мөөнөтүн узартууга укуктуу.

Магистрлерди даярдоонун ЖКББ НББПсын өздөштүрүү башка нормативдик мөөнөттөрү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

3.3. Жалпы орто же орто кесиптик билимдин негизинде күндүзгү окуу формасында магистрлерди даярдоонун **ЖКББ НББПсын өздөштүрүүнүн жалпы эмгек көлөмү** 360 кредиттен кем эмес жана “бакалавр” академиялык даражасын ыйгаруу менен тастыкталган жогорку кесиптик билимдин негизинде – 120 кредиттен кем эмес.

Күндүзгү окуу формасы боюнча ЖКББ НББПнын эмгек көлөмү 60тан кем эмес кредитке барабар.

Бир окуу семестринин эмгек көлөмү 30 кредитке барабар (окуу процесси эки семестрлүү түзүлүштө болсо).

Бир кредит студенттин окуу ишинин 30 саатына барабар (анын аудиториялык, өз алдынча ишин жана аттестациянын бардык түрүн камтуу менен).

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча, ошондой эле окуу жылында ар кандай окуу формалары айкалышкан учурда, НББПнын эмгек көлөмү кеминде 48 кредитти түзөт. Окуунун акыркы жылынын эмгек көлөмү НББПнын жалпы эмгек көлөмүн камсыз кылуу зарылдыгын эске алуу менен аныкталат.

**3.4. 570600 – Китепкана таануу жана документ таануу** даярдоо багыты боюнча **инсанды окутуу жана тарбиялоо жаатында ЖКББ НББПнын максаттары.**

3.4.1. **570600 – Китепкана таануу жана документ таануу** даярдоо багыты боюнча ЖКББ НББП окутуу жаатындагы максаты – китепкана таануу жана документ таануу жаатында инновациялык кесиптик ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга жөндөмдүү, универсалдуу жана тез өзгөрүп жаткан дүйнөдө алардын социалдык мобилдүүлүгүнө жана эмгек рыногунда функционалдык туруктуулугуна салым кошкон кесиптик компетенцияларга ээ магистрлерди даярдоо.

3.4.2. **570600 – Китепкана таануу жана документ таануу** даярдоо багыты боюнча ЖКББ НББП тарбиялоо жаатындагы максаты – студенттердин социалдык жана жеке инсандык сапаттарын: максаттуулугун, уюшкандыгын, эмгекчилдигин, жоопкерчилигин, атуулдугун, коммуникативдүүлүгүн, толеранттуулугун калыптандыруу жана жалпы маданиятын жогорулатуу.

**3.5. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүк чөйрөсү**

570600 – Китепкана таануу жана документ таануу даярдоо багыты боюнча бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүк тармагы төмөнкүлөрдү камтыйт: маалыматтык-китепканалык теорияны; китепканалык-маалыматтык башкаруунун ресурстары; китепканалык-маалыматтык иштин системалуу талдоо; китепканалык-маалыматтык кадрларды окутуу жагындагы илимий-изилдөөлөр, документ менен иштөө жана архив таануу; уюштуруу, сактоо, эсепке алуу, комплекттөө, баалуулугун экспертизалоо, маалымдама-издөө каражаттарын пайдалануу жана Кыргыз Республикасынын улуттук Архив фондунун архивдик документтерди колдонуу.

Бүтүрүүчүлөр билим деңгээли жана алган компетенциялары кызматкердин квалификациясына коюлган талаптарга ылайык келген шартта, кесиптик ишмердүүлүгүн башка тармактарда жана (же) чөйрөлөрдө жүргүзө алышат.

**3.6. Магистрлердин кесиптик ишмердүүлүгүнүн объектилери:**

Даярдоо багыты боюнча бакалаврлардын кесиптик ишмердүүлүгүнүн объектилери болуп төмөнкүлөр саналат:

- ар кандай түрдөгү жана типтеги китепкана системалары жана маалымат борборлору; коомдун документ ресурстары;
- китепкана-маалымат кадрларын даярдоону жана квалификациясын жогорулатууну уюштуруу; иш кагаздарын жүргүзүү системасын уюштуруу;
- башкармалыктын маалыматтык-документациялык камсыздоо системалары;
- Кыргыз Республикасынын архивдик фондунун документтери.

**3.7. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү:**

**570600 – Китепкана таануу жана документ таануу** даярдоо багыты боюнча бүтүрүүчү төмөнкү кесиптик ишмердүүлүктүн түрлөрүнө даярдалат:

- илимий-изилдөөчүлүк;

- уюштуруучулук жана башкаруучулук;
- педагогикалык;
- долбоордук иш-аракеттер.

Бүтүрүүчү негизинен даярдалып жаткан кесиптик ишмердүүлүктүн конкреттүү түрлөрү ЖОЖ тарабынан тиешелүү кесиптик стандарттын (эгер бар болсо) негизинде же кызыкдар болгон жумуш берүүчүлөр менен биргеликте иштелип чыккан билим берүү программасынын мазмунун аныкташы керек.

**3.8. Магистрлердин кесиптик ишмердүүлүгүнүн милдеттери.**

570600 – Китепкана таануу жана документ таануу даярдоо багыты боюнча магистрлерди кесиптик ишмердүүлүктүн түрлөрүнө ылайык төмөнкү кесиптик милдеттерди чечиши керек:

**а) *илимий-изилдөөчүлүк ишмердүүлүктө:***

- китепканалык-маалыматтык ишмердүүлүккө системалуу талдоо;
- багыттарын иштеп чыгуу, проблеманы жана методологиясы, илимий изилдөөлөрдүн багыты боюнча даярдоо жаатындагы китепкана таануу, библиографоведения, документ менен иштөө жана китеп таануу, китепканалык-маалыматтык технологияларды, маалыматтык-аналитикалык иш, китепкана-маалыматгык тейлөө кызматын балдар жана өспүрүмдөр;
- маалыматтык-аналитикалык ишмердүүлүктүн өнүгүү тенденцияларын изилдөө, маалыматтык продуктулар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногуна мониторинг жүргүзүү жана аны өнүктүрүүнүн стратегиясын аныктоо, маалыматтык объектилерди экспертизалоо жана божомолдоо;

**б) *өндүрүштүк-технологиялык ишмердүүлүктө:***

- илимий, билим берүү жана өндүрүштүк ишмердикте негиздүү чечимдерди кабыл алууга көмөктөшүү максатында маалымат ресурстарын, продуктуларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү баалоо;
- китепкана-маалымат чөйрөсүндө өндүрүштүк-технологиялык иштерге тутумдук талдоо жүргүзүү;
- башкарууну документациялык камсыз кылууда жана архив ишинде документтерге маалымдама-издөө каражаттарын (иштердин номенклатурасы, тизмелер, баяндамалар, каталогдор ж.б.) түзүү жана жүргүзүү;
- документтердин сакталышын камсыз кылуу боюнча иштер;

**в) *уюштуруучук-башкаруу ишмердүүлүктө:***

- китепкана-маалымат чөйрөсүндө өнүгүү концепцияларын иштеп чыгуу;
- инновацияны стратегиялык пландаштыруу жана башкаруу, ресурстарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өзгөрүп жаткан коомдук керектөөлөргө ылайык оптималдаштыруу;
- китепканалык-маалыматтык системалардын жана тармактардын натыйжалуу иштешин башкаруу анализи;
- уюмдардын документтерин архивдик сактоо кызматтарын, архивдерди, башкарууну документ менен камсыз кылуу кызматтарынын ишин пландаштыруу, уюштуруу, өркүндөтүү;

**г) *долбоордук ишмердүүлүктө*:**

- китепкана-маалымат ишмердүүлүгүнүн комплекстүү инновациялык долбоорлорун жана программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

- китепкана-маалымат чөйрөсүндө илим-изилдөө иштерин долбоорлоо;
- документтердин бир түргө келтирилген формаларын долбоорлоого катышуу;
- башкарууну жана архивдик технологияларды документ менен камсыздоонун автоматташтырылган технологияларын долбоорлоого катышуу.

д) ***педагогикалык ишмердүүлүктө:***

- психологиялык-педагогикалык усулдарды изилдөө жана аларды китепканалык-маалыматтык ишмердикке адаптациялоо;
- педагогдук иш жана окуу-методикалык жактан камсыз кылуу системасын үзгүлтүксүз кесиптик билим берүү жаатындагы китепканалык-маалыматтык ишти, иштеп чыгуу, жаңы билим берүү технологиялары.

## 4. НББПны ишке ашыруу шарттарына жалпы талаптар.

НББПны ишке ашырууда ЖОЖдун укуктарына жана милдеттерине карата жалпы талаптар.

4.1.1. ЖОЖдор даярдоо багыты боюнча НББПны өз алдынча иштеп чыгат. НББП Кыргыз Республикасынын даярдоо багыты боюнча тиешелүү МББСтын негизинде иштелип чыгат жана ЖОЖдун илимий кеңеши тарабынан бекитилет.

ЖОЖдор илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эске алуу менен бирге ЖОЖдо билим берүү сапатынын кепилдигин камсыздоо боюнча төмөнкүлөрдү камтыган сунуштамаларды кармануу аркылуу НББПсын 5 жылда кеминде бир жолу жаңылап турууга милдеттүү:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыздоо стратегиясын иштеп чыгуу;
- билим берүү программаларынын мониторинги, маал-маалы менен өз ара карап чыгуусу (рецензиялоо);
- так макулдашылган критерийлердин негизинде студенттердин билиминин жана жөндөмдөрүнүн деңгээлин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларын баалоо процедураларынын объективдүү жол-жоболорун иштеп чыгуу;
- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыздоо;
- ишке ашып жаткан бардык билим берүү программаларын, аларды пайдалануу натыйжалуулугунун көзөмөлдөө, аны менен катар окуп жаткандарды сурамжылоо аркылуу жетиштүү ресурстар менен камсыздоо;
- өз ишмердүүлүгүн (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү мекемелери менен салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлердин негизинде үзгүлтүксүз өзүн-өзү текшерүү;
- өзүнүн ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары, пландары, инновациялары тууралуу коомчулукка маалымдоо.

4.1.2. Студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн даярдоо сапатын баалоо алардын күнүмдүк, орто аралык жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын камтышы керек. Баалоо каражаттарынын базалары ЖОЖдор тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү аттестациялоо, жыйынтыктоочу квалификациялык иштердин мазмуну, көлөмү жана структурасы боюнча талаптар ЖОЖ тарабынан ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндө Жобосун эске алуу менен аныкталат.

4.1.3. НББПсын иштеп чыгууда бүтүрүүчүлөрдүн социалдык жана жеке инсандык

компетенцияларын калыптандыруудагы ЖОЖдун мүмкүнчүлүктөрү (мисалы, социалдык өз ара аракеттенүү, өзүн өзү уюштуруу жана өзүн өзү башкаруу, системалуу-ишмердүүлүк мүнөздөгү компетенцияларын) аныкталууга тийиш. ЖОЖ окуу жайдын социалдык-маданий чөйрөсүн калыптандырууга, инсандын ар тараптуу өнүгүүсүнө зарыл болгон шарттарды түзүүгө милдеттүү.

ЖОЖ билим берүү процессинин социалдык жана тарбиялоочу компонентин өнүктүрүүгө, анын ичинде студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, студенттердин коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачыл клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышуусуна салым кошууга милдеттүү.

4.1.4. ЖОЖдун НББПсы студент тарабынан тандалуучу дисциплиналарды камтышы керек. Студент тарабынан тандалуучу дисциплиналарды түзүү тартибин ЖОЖдун окумуштуулар кеңеши белгилейт.

4.1.5. ЖОЖ студенттерге өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышууга реалдуу мүмкүнчүлүктөрдү камсыздап берүүгө милдеттүү.

4.1.6. ЖОЖ НББПны түзүүдө студенттердин укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга, студенттер тандап алган дисциплиналар алар үчүн милдеттүү экендигин, ал эми алардын суммалык эмгек көлөмү окуу планында каралгандан аз болбошу керек экендигин түшүндүрүүгө милдеттүү.

**4.2. НББПсын ишке ашырууда студенттин укуктарына жана милдеттерине карата жалпы талаптар**.

4.2.1. Студенттер НББПда каралган студенттин тандоосу боюнча окуу дисциплиналарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чегинде конкреттүү дисциплиналарды тандап алууга укуктуу.

4.2.2. Студент өзүнүн жеке билим алуу траекториясын түзүү кезинде дисциплиналарды тандоо боюнча жана алардын даярдоо багытынын (адистештирүүнүн) келечектеги профилине болгон таасири жөнүндө ЖОЖдан консультация алууга укуктуу.

4.2.3. Студенттер НББПны өздөштүрүү учурунда **СЖИЖМКсын** өнүктүрүүгө байланыштуу натыйжаларга жетишүү максатында студенттик өзүн-өзү башкаруусун өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, студенттик илимий коомдордун иштерине катышууга милдеттүү.

4.2.4. Студенттер ЖОЖдун НББПда каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттө аткарууга милдеттүү.

4.3. Магистранттын окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы (өз алдынча) окуу иштерин кошкондо, жумасына 45 саатты түзөт.

Күндүзгү окуу бөлүмүндөгү жумалык аудиториялык иштин көлөмү МББС тарабынан ЖКББ деңгээлин жана даярдоо багытынын өзгөчөлүгүн эске алуу менен ар бир окуу дисциплинасын өздөштүрүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 25% кем эмес чегинде белгиленет.

4.4. Окутуунун күндүзгү – сырттан (кечки) окуу формасында адудиториялык иштин көлөмү жумасына 16 сааттан кем болбоосу керек.

4.5. Сырттан окуу формасында магистранттын окутуучу менен болгон сабактардын көлөмү жылына 160 сааттан кем эмес өлчөмдө түзүлүшү керек.

4.4. Бир окуу жылында каникулдук убакыттын жалпы көлөмү 7 жумадан кем эмес убакытты, анын ичинде кыш мезгилинде эки жумадан кем эмес жана 4 жумалык дипломдон кийинки эс алуу убактытты, түзүүсү керек.

## 5. Магистрлерди даярдоо боюнча НББПга талаптар

### 5.1. Магистрлерди даярдоо боюнча НББПны өздөштүрүүнүн жыйынтыктарына талаптар

**570600 – Китепкана таануу жана документ таануу** даярдоо багыты боюнча “магистр” академиялык даражасын алган бүтүрүүчү **НББПда** көрсөтүлгөн максаттарына жана бул ЖКББ мамлекеттик билим берүү стандартынын 3.4 жана 3.8 пунктарында белгиленген кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттерине ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болушу керек:

**а) универсалдык**:

- **жалпы илимий (ЖИК):**
- Жарандык демократиялык коомдун баалуулуктарын өнүктүрүүгө, социалдык адилеттүүлүктү камсыз кылууга, дүйнө таанымды, социалдык жана жеке олуттуу көйгөйлөрдү дисциплиналар аралык жана инновациялык мамилелердин негизинде чечүүгө багытталган стратегиялык милдеттерди талдоого жана чечүүгө жөндөмдүү (ЖИК-1);
- **инструменталдык (ИК):**
- мамлекеттик, расмий жана чет тилдердин биринде иш жана билим берүү чөйрөсүндө ишкердик баарлашууну жүргүзүүгө жөндөмдүү (ИК-1);
- инновацияда жана илимий ишмердүүлүктө колдонуу үчүн маалымат технологияларын жана чоң маалыматтарды колдонуу менен жаңы билимдерди жаратууга жөндөмдүү (ИК-2);
- **социалдык-жеке инсандык жана жалпы маданий (СЖИЖМК):**
- максаттарга жетүү үчүн эксперттик / кесиптик топтордун / уюмдардын ишин уюштурууга жөндөмдүү (СЖИЖМК-1);

**б) кесиптик (КК):**

**илимий-изилдөөчүүлүк ишмердүүлүктө:**

- коомду социалдык-экономикалык өнүктүрүү контекстинде китепканалык-маалыматтык ишти изилдөө жөндөмдүүлүгү (КК-1);
- маалымат объекттерин эксперттик баалоого жана болжолдоого даяр болуу (КК-2);
- китепканалык-маалыматтык иштин конкреттүү багыттары боюнча илимий изилдөө иштерине жөндөмдүүлүк (КК-3);
- документ таануу жана архив иштери боюнча негизги көйгөйлөргө кесиптик билимге ээ болуу (КК-4);

***өндүрүштүк-технологиялык ишмердүүлүктө:***

- китепканалык-маалыматтык структуралардын ишине системалуу талдоо жүргүзүүгө, аларды моделдөөгө, божомолдоого, өнүктүрүүнүн тенденцияларын аныктоого жөндөмдүүлүк (КК-5);
- китепканалык-маалыматтык иште маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу стратегиясын иштеп чыгууга даяр болуу менен (КК-6);
- архивдерди башкарууну жана башкарууну документациялык камсыздоонун маалыматтык жана техникалык камсыздоонун заманбап тутумуна ээ болуу (КК-7);

***уюштуруучук-башкаруу ишмердүүлүктө:***

- китепканалык-маалыматтык ишти башкарууга даярдуулук (КК-8);
- китепканалык-маалыматтык ишмердүүлүктүн ченемдик-укуктук жөнгө салуу жөндөмдүүлүгүнө (КК-9);
- соңку жаңы технологиялардын базасында уюмда башкарууну документ менен камсыз кылуунун бирдиктүү системасын түзүү жана жүргүзүү жөндөмдүүлүгү (ПК-10);

***долбоордук ишмердүүлүктө:***

- китепканалык-маалыматтык иш-аракеттин келечектүү өнүгүү тенденцияларын божомолдоо,моделдөө жана аныктоо жөндөмдүүлүгү (КК-11);
- китепканалык-маалыматтык ишмердик өнүктүрүүнүн инновациялык долбоорлорун иштеп чыгууга даяр болуу менен(КК-12);
- конкреттүү уюмда документтерди башкарууну документ менен камсыз кылууну уюштурууга талдоо жүргүзүү жана архивдик сактоо ыкмаларына ээ болуу (КК-13);

***психологиялык- педагогикалык ишмердүүлүктө:***

- китепканалык-маалыматтык мекемелердин кызматкерлерин башкаруунун психологиялык-педагогикалык ыкмаларын жана методдорун колдонууга даяр болуу (ПК-14);
- кесиптик билим берүү системасында окутуучулук ишке жөндөмдүүлүк (КК-15);
- инновациялык педагогикалык технологияларды колдонууга даяр болуу (ПК-16).

Магистрлерди даярдоо билим берүү программасын иштеп чыгууда, бардык универсалдуу компетенциялар, ошондой эле бул программа багытталган кесиптик ишмердүүлүктүн түрлөрүнө байланыштуу кесиптик компетенциялар программанын зарыл болгон окуу жыйынтыктарынын жыйындысына киргизилет. Даярдоо процессинде окуучу өзүнүн конкреттүү даярдоо профилине тиешелүү болгон башка (атайын кесиптик) компетенцияларды калыптай алат. Профиль 5-тен ашпаган кошумча кесиптик компетенциялар менен аныкталат жана ЖОЖ тарабынан өз алдынча аныкталат. Профилдердин тизмеси ОМБ тарабынан бекитилет. Компетентциялардын тизмелери квалификациялардын улуттук алкагына, тармактык/сектоpалдык квалификациялардын алкагына жана кесиптик стандарттарга (эгер бар болсо) негизделип аныкталат.

## 5.2. Магистрлерди даярдоо боюнча НББПнын структурасына коюлуучу талаптар.

Магистрлерди даярдоо боюнча НББПнын структурасы төмөнкү блокторду камтыйт:

Блок 1: «Дисциплиналар (модулдар)»

Блок 2: «Практика»

Блок 3: «Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация»

| Магистрлерди даярдоо боюнча НББПнын структурасы | | Магистрлерди даярдоо боюнча НББПнын жана анын блокторунун көлөмү, кредит түрүндө |
|---|---|---|
| Блок 1<br><br>Дисциплиналар (модулдар) | I. Жалпы илимий цикл<br><br>II. Кесиптик цикл<br><br>Жалпы: | 20-30<br><br>40-60<br><br>60-90 |
| Блок 2 | Практика | 20-40 |
| Блок 3 | Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация | 10-20 |
| Магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББПнын көлөмү | | 120 |

ЖОЖ магистрлерди даярдоо боюнча НББПсын МББСнын талаптарына ылайык иштеп чыгат жана квалификациялардын улуттук алкагына ылайык окутуунун натыйжаларына жетишүү үчүн жооптуу.

Магистрлерди даярдоо боюнча НББПнын ар бир блогуна тиешелүү болгон дисциплиналардын (модулдардын) топтому жана алардын эмгек көлөмү ЖОЖ тарабынан өз алдынча анын өздөштүрүү жыйынтыктарына карата талаптарды эске алуу менен, ар бир блок үчүн белгиленген көлөмдө, квалификациялардын улуттук алкагында каралган окуутунун натыйжаларынын жыйындысы түрүндө аныкталат.

5.2.1. 2-чи "Практика" блогу окуу практикасын (тааныштыруу, технологиялык, илимий-изилдөө ишин) жана өндүрүштүк (долбоордук, эксплуатациялык, педагогикалык, илимий-изилдөө ишин) практикасын камтыйт.

ЖОЖ практиканын бир же бир нече түрүн тандоого укуктуу, ошондой эле белгиленген кредиттердин чегинде практиканын кошумча түрүн аныктай алат.

5.2.2. 3-чү “Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация” блогу мамлекеттик экзамендерди тапшырууга даярданууну жана тапшырууну, бүтүрүүчү квалификациялык ишти аткарууну жана коргоону (эгерде ЖОЖ бүтүрүүчү квалификациялык ишти мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын курамына киргизсе) камтыйт.

5.2.3. Магистрлерди даярдоо боюнча НББПнын алкагында милдеттүү жана тандалма бөлүктөр берилет.

Магистрлерди даярдоо боюнча НББПнын милдеттүү бөлүгүнө квалификациялардын улуттук алкагынын деңгээлдерин эске алуу менен жалпы илимий, универсалдуу, социалдык-жеке инсандык, жалпы маданий жана кесиптик компетенциялардын калыптанышын камсыз кылган дисциплиналар жана практикалар кирет.

Милдеттүү бөлүктүн көлөмү, мамлекеттик аттестациянын көлөмүн эске албаганда, магистрлерди даярдоо боюнча ЖББПнын жалпы көлөмүнүн 50% ашпаган көлөмдү түзүшү керек.

Магистрлерди даярдоо боюнча НББПнын тандалма бөлүгүндө студенттер тиешелүү багыт боюнча дисциплиналарды тандай алышат, ошондой эле башка багыттардын магистрлерди даярдоо боюнча НББПнан дисциплиналарды тандоого уруксат берилет.

5.2.4. ЖОЖ мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга (алардын арызы боюнча) алардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн, жеке мүмкүнчүлүктөрүн эске алган жана зарыл болгон учурда, белгиленген адамдардын өнүгүүсүндөгү бузулуштарын коррекциялосун жана социалдык адаптациясын камсыз кылган, магистрлерди даярдоо боюнча НББПнын негизинде окуу мүмкүнчүлүгүн түзүп берүүсү зарыл, ден соолук абалына байланыштуу окуусуна каршы келген көрсөтмөлөрдү камтыган НББПдан сырткары.

## 5.3. Магистрлерди даярдоо боюнча НББПсын ишке ашыруу шарттарына коюлуучу талаптар

### 5.3.1. Окуу процессин кадрлар менен камсыз кылуу

Магистрлерди даярдоо боюнча НББПсын ишке ашырылуусу, квалификациялуу педагогикалык кадрлары менен камсыз кылынууга тийиш жана илимдин кандидаты же илимдин доктору илимий даражасы бар окутуучулар окутулган дисциплиналардын үлүшү дисциплиналардын жалпы санынын 60% ын түзүшү керек. Окутуучулардын жалпы санына карата штаттык окутуучулардын үлүшү-50% дан кем эмес болушу шарт.

Магистрдик программанын илимий мазмунун жана билим берүү бөлүгүн жалпы жетектөө, профессор же илимдердин доктору тарабынан ишке ашырылуусу зарыл; бир профессор же илимдердин доктору экиден ашык эмес магистрдик программага жетекчилик кыла алат; университеттин окумуштуулар кеңешинин чечими боюнча, магистрдик программаларды доцент академиялык наамы бар илимдердин кандидаттары жетектей алышат.

Магистратурада билим алган окуучуларды түздөн-түз жетектөөнү, илимий даражасы жана (же) академиялык наамы же бул багытта жетектөөчү иш тажрыйбасы бар илимий жетекчилер жүргүзөт; бир жетекчи 5тен ашык эмес окуучуларды жетектей алат (университеттин илимий кеңеши тарабынан аныкталат).

### 5.3.2. Окуу процессин окуу-методикалык жана маалыматтык жактан камсыздоо

Магистрлерди даярдоо базалык билим берүү программаларын ишке ашырууда, ар бир окуучунун НББП дисциплиналарынын (модулдарынын) толук тизмесине ылайык түзүлгөн маалымат базаларына жана китепкана фонддоруна жеткиликтүүлүгүн камсыз кылынуусу зарыл.

Студенттерге ата мекендик жана чет өлкөлүк ЖОЖдор, ишканалар жана уюмдар менен тез маалымат алмашуу мүмкүнчүлүгү түзүлүүсү зарыл.

Жождун билим берүү программасынын  маалымат ресурстары : видео сабактар жана аралыктан окутуу үчүн студенттерди видео презентациялар менен камсыз кылынууга тийиш .

Электрондук-китепкана системасы Интернет тармагына жетүү мүмкүнчүлүгү бар студенттердин ар бири жеткиликтүү болууга  тийиш.

Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык менчик жөнүндө жана Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерин интеллектуалдык менчик жаатындагы мыйзамдарынын талаптарын сактоо менен оперативдүү маалымат алмашуу ата мекендик жана чет элдик жогорку окуу жайлар жана уюмдар тарабынан жүзөгө ашырылууга тийиш.

Окуп жаткандарга заманбап кесиптик маалыматтар базасына, маалымат сурап-билүү жана издөө системаларына жеткиликтүү  камсыз кылынууга тийиш.

Электрондук басылмаларды пайдалануу учурунда ар бир магистрантка  өз алдынча иштерин аткаруу жана изилдөө үчүн компьютердик класста Интернетке чыгуу менен 10 сааттан кем эмес жана жумуш ордун, окуп жаткан дициплиналарына ылайык жож камсыз кылууга тийиш

Студенттердин практикасын уюштуруу жана өткөрүү боюнча негизги жайлар мамлекеттик органдар болуп саналат (борбордук жана жергиликтүү башкаруу органдары), илимий-изилдөө жана билим берүү уюмдары, маалыматтык-аналитикалык борборлор, консалтингдик агенттиги, эл аралык уюмдар, коммерциялык эмес уюмдар, бириктирүүлөр ж.б.

**5.3.3. Окуу процессин материалдык-техникалык жактан камсыздоо**

Негизги билим берүү программасы боюнча  магистратураны  даярдоону ишке ашыруучу жождун карамагында материалдык-техникалык базасы бардык түрлөрүн жүргүзүүнү камсыз кылуучу лаборатория, тартип жана дисциплина аралык даярдоо, жождун окуу планында каралган студенттердин практикалык жана илимий-изилдөөчүлүк иштери жана санитардык жана өрткө каршы эрежелер менен нормаларга ылайык тиешелүү аракеттери болушу керек. Магистрдик программанын ишке ашыруу үчүн Минималдуу зарыл нерселерди тизмеги өз ичине материалдык-техникалык жактан камсыз кылууну, атайын кабинеттер жана лабораториялар менен жабдылган заманбап жабдуулар комплектисин, окуу-усулдук жана илимий адабияттарды камтыйт.

Электрондук басылмаларды пайдаланууда,ар бир студентке  өз алдынча даярдануу мезгилинде окуган дисциплиналардын көлөмүнө ылайык Интернет түйүнүнө чыгууга компьютердик класста жумуш орду менен ЖОЖ камсыз кылышы керек. ЖОЖ лицензиялык программалык камсыздоонун зарыл болгон комплекти менен камсыз болушу керек.

Пайдалуу аянты 1 студенттин эске алуу менен 2 сабактардын нөөмөтү - 9 кв. м.; актовый зал – 1шт.; спорт залы – 1 даана; ашкана – 1шт.; медпункт – 1 даана; мамлекеттик билим берүү  стандарттарынын талаптарына ылайык объекттерди жүргүзүү үчүн практикалык жана лабораториялык сабактарынын  окуу кабинеттери ,билим берүү программаларын ишке ашырууга мүмкүндүк берүүгө шарталган болушу керек.

**5.3.4. Бүтүрүүчүлөрдү даярдоо сапатын баалоо**

Магистратуранын НББПсын өздөштүрүүнүн сапатын баалоо учурдагы жетишкендигин контролдоону, окугандарды аралыктык аттестациялоону жана бүтүрүүчүлөрдү Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоону камтууга тийиш.

5.3.4.1. Ар бир дисциплина боюнча билимдин күнүмдүк жана орто аралык мезгилдеги контролдоонун конкреттүү формалары жана процедуралары ЖОЖ тарабынан өз алдынча иштелип чыгат жана студенттерге окуунун биринчи айында билдирилет.

5.3.4.2. Окуучулардын жеке жетишкендиктеринин магистратуранын НББПнын этаптуу талаптары менен шайкештигин аттестациялоо (күнүмдүк жетишкендиктерди көзөмөлдөө, орто аралык мезгилдеги аттестациялоо) үчүн түрдүү тапшырмаларды, контролдук иштерди, тесттерди жана контролдоо методдорун камтыган, билимдерди, жөндөмдөрдү жана үйрөнгөн компетенциялардын деңгээлин баалоого мүмкүндүк берген, баалоо каражаттарынын фонддору түзүлөт. Баалоо фонддору ЖОЖ тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Баалоо каражаттарынын фонддору окутуунун ушул чөйрөсүндө МББС НББПнын толук жана адекваттуу чагылдырылышы болууга тийиш, магистратуранын НББПнын максаттарына жана милдеттерине жана анын окуу планына ылайык келиши керек. Алар бүтүрүүчү алган жалпы маданий жана кесиптик компетенциялардын сапатына баа берүү үчүн иштелип чыккан.

Модулдардын, дисциплиналардын, практика өтүүнүн сапатын контролдоо үчүн баалоо каражаттарын иштеп чыгууда, окуучуларда ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча калыптанган компетенциялардын сапатын жана бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүккө болгон жалпы даярдык деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берген аларга кирген билимдердин, көндүмдөрдүн жана жөндөмдөрдүн ортосундагы байланыштардын бардык түрлөрү эске алынышы керек.

Баалоо каражаттарын түзүүдө, окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүккө болгон жөндөмдүүлүгүн, алардын конкреттүү атайын билимдердин кем болгонуна жана кесиптик жүрүм-турумдун жалпы кабыл алынган алгоритмдеринин жоктугуна байланыштуу жаңы көйгөйлөрдү чечүү жолдорун издөөгө болгон даярдыгын баалоону камсыз кылуу зарыл.

Жеке баалоодон тышкары, топтук жана өз ара баалоо колдонулушу керек: окуучулардын бири-биринин ишин рецензиялоо; студенттердин рефераттарга, долбоорлорго, илимий иштерге оппонент болуу; студенттерден, окутуучулардан жана иш берүүчүлөрдөн турган топтордун эксперттик баалоосу.

5.3.4.3. ЖОЖ магистрлердин компетенцияларын баалоо жана контролдоо системасын келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнүн шарттарына максималдуу жакындатуу үчүн шарттарды түзүшү керек. Бул максатта, белгилүү бир дисциплинанын окутуучусунан тышкары, иш берүүчүлөр (кызыкдар ишканалардын, илимий-изилдөө институттарынын, уюмдардын өкүлдөрү), окшош дисциплиналарды окуган окуутучулар тышкы эксперт катары активдүү түрдө тартылуусу зарыл.

5.3.4.4. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация ЖКББ МББС кесиптик даярдык деңгээлинин шайкештигин аныктоого багытталган. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация мамлекеттик сынактарды тапшырууга даярдыкты жана тапшырууга, бүтүрүүчү квалификациялык ишти аткарууну жана коргоону (эгерде ЖОЖ бүтүрүүчү квалификациялык ишти мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясынын курамына киргизген болсо) камтыйт.

Бүтүрүүчү квалификациялык иштин мазмунуна, көлөмүнө жана структурасына, ошондой эле мамлекеттик сынакка тийиштүү талаптар ЖОЖ тарабынан аныкталат.

Бул **570600 Китепкана таануу жана документ таануу** даярдоо багыты боюнча Мамлекеттик билим берүү стандарты базалык ЖОЖдын - К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин алдындагы гуманитардык жана социалдык билимдери тармагындагы билим берүү боюнча Окуу-методикалык бирикмеси тарабынан иштелип чыккан.

**ОМБнын төрагасы:** **Козуев Д.И.**

Түзүүчүлөр:

К. Карасаев атындагы БМУнин тарых илимдеринин
кандидаты, профессор,социалдык маалымат жана
документология кафедрасынын башчысы ____________ Шаймергенова Т.А.

К. Карасаев атындагы БМУнин социалдык маалымат
жана документология кафедрасынын доценттин
милдетин аткаруучу ____________ Мукамбетова Г.И.

К. Карасаев атындагы БМУнин социалдык маалымат
жана документология кафедрасынын ага окуутучусу ____________ Акматалиева Н.З.

К. Карасаев атындагы БМУнин социалдык маалымат
жана документология кафедрасынын окуутучусу ____________Теишова М.Н.

К. Карасаев атындагы БМУнин социалдык маалымат
жана документология кафедрасынын ага окуутучусу ____________ Абдыжапаров К.А.

К. Карасаев атындагы БМУнин үзгүлтүксүз билим берүү

институтунун Педагогика илимдеринин

кандидаты,гуманитардык илимдер кафедрасынын

доцентинин милдетин аткаруучу ____________Нуркулова Э.Р.

Философия илимдеринин доктору,

профессор, А. Осмонов атындагы Улуттук

китепкананын директору ___________ Бакашова Ж.К.

КРнын Борбордук мамлекеттик архивдин директору ____________Самаева Б.О.

Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министрлигинин
«___» __________ 2021ж.
№____ ______
буйругуна тиркеме

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ**

**БАГЫТЫ: 540200 – Социалдык иш**

**Квалификациясы: магистр**

**Бишкек 2021**

## 1. Жалпы жоболор

**1.1.** Жогорку кесиптик билим берүүнүн магистрлерди даярдоонун 540200 Социалдык иш даярдоо багыты боюнча Мамлекеттик билим берүү стандарты Кыргыз Республикасынын билим жана илим Министрлигинин "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы башка нормативдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте бекитилген.

Бул Мамлекеттик билим берүү стандартын аткаруу менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыктыгына карабастан магистрлерди даярдоо боюнча кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырган бардык жогорку окуу жайлары үчүн милдеттүү болуп саналат.

**1. .2.Терминдер, аныктамалар, белгилер, кыскартуулар**

Бул Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында терминдер жана аныктамалар Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына жана мыйзам менен бекитилген тартипте күчүнө кирген жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасы катышкан эл аралык келишимдерге ылайык колдонулат:

- **негизги билим берүү программасы** - тиешелүү даярдоо багыты боюнча билим берүү процессинин максаттарын, күтүлүүчү натыйжаларын, мазмунун жана ишке ашыруунун уюшулушун регламенттөөчү окуу-методикалык документтердин жыйындысы;
- **даярдоо багыты** - фундаменталдык даярдоо жалпылыгынын негизинде интеграцияланган ар кандай профилдеги жогорку кесиптик билими бар кадрларды (адистерди, бакалаврларды жана магистранттарды) даярдоого багытталган билим берүү программаларынын жыйындысы;
- **профиль** - негизги билим берүү программасынын конкреттүү түрүнө жана (же) кесиптик ишмердүүлүктүн объектисине багыттуулугу;
- **компетенция -** окуучунун (билим алычуунун) белгиленген чөйрөдө эффективдүү жемиштүү ишмердүүлүгүнө керек болгон билим алуусу үчүн алдын ала белгиленген социалдык талап (ченем);
- **бакалавр** - магистратурага тапшырууга жана кесиптик ишмердүүлүктү жүзүнө ашырууга укук берүүчү жогорку кесиптик билим берүүнүн квалификациясы;
- **магистр** - аспирантурага жана (же) базалык докторантурага (PhD / профили боюнча) тапшырууга жана кесиптик ишмердүүлүктү жүзүнө ашырууга укук берүүчү жогорку кесиптик билим берүүнүн квалификациясы;
- **кредит** - негизги билим берүү программасынын эмгек сыйымдулугунун шарттуу чени;
- **окуутунун жыйынтыгы** - негизги билим берүү программасы/модуль боюнча окутуунун натыйжасында өздөштүрүлгөн компетенциялар;
- **жалпы илимий компетенциялар** - кесиптик ишмердүүлүктүн бардык (же көпчүлүк) түрлөрүнө таандык болгон мүнөздөмөлөр: окуп үйрөнүүгө, талдоого жана синтездөөгө ж.б. болгон жөндөмдүүлүк;
- **инструменталдык компетенциялар** - когнитивдик жөндөмдөрүн, идеяларды жана ойлорду түшүнүү жана колдонуу жөндөмүн; методикалык жөндөмдөрүн, айлана-чөйрөнү түшүнүү жана башкаруу, убакытты уюштуруу, окуу, чечим кабыл алуу жана көйгөйлөрдү чечүү стратегияларын түзүү жөндөмдөрүн; технологиялык көндүмдөрүн, техниканы колдонууга байланышкан көндүмдөрүн, компьютерде иштөө көндүмдөрүн жана маалыматты башкаруу жөндөмдөрүн; лингвистикалык көндүмдөрүн, коммуникативдик компетенцияларын камтыйт;
- **социалдык-жеке инсандык жана жалпы маданий компетенциялар** - сезимди жана мамилени билдирүү жөндөмү, сынчыл ой жүгүртүү жана өзүн өзү сындоо жөндөмү менен байланышкан жеке жөндөмдүүлүктөр, ошондой эле социалдык өз ара аракеттенүү жана кызматташуу процесстери, топтор менен иштөө, социалдык и этикалык милдеттенмелерди кабыл алуу жөндөмдүүлүк менен байланышкан социалдык көндүмдөр;
- **кесиптик стандарт** - кесиптик ишмердүүлүктүн белгилүү бир түрүнүн алкагында анын мазмунуна жана сапатына карата талаптарын аныктоочу жана ишмердүлүгүнүн түрүнө карабастан кандайдыр бир уюмдун штатынан өз ордун татыктуу түрдө ээлөөгө ылайык болууга милдеттүү болгон кызматкердин квалификациясынын сапаттык деңгээлин мүнөздөөчү негизги документ.

**1.3. Кыскартуулар жана белгилөөлөр**

Бул Мамлекеттик стандартта төмөндөгү кыскартуулар колдонулат:

МББС - Мамлекеттик билим берүү стандарты;

ЖКБ - Жогорку кесиптик билим;

НББП – негизги билим берүү программасы;

ОМБ - окуу-методикалык биримдик;

ЖИК – жалпы илимий компентенциялар;

ИК – инструменталдык компетенциялар;

КК – кесиптик компентенциялар;

СИЖМК – социалдык инсандык жана жалпы маданий компентенция.

## 2. Колдонуу чөйрөсү

**2.1. Бул жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик стандарты** (мындан ары – ЖКБ МББС) 540200 "Социалдык иш" магистрлерди даярдоо багыты боюнча НББПны ишке ашырууда милдеттүү болгон нормалардын, эрежелердин жана талаптардын жыйындысы болуп эсептелет жана окуу жана уюштуруучулук-усулду документтештирүүнүн, уюштуруучулук-укуктук формасына карабастан Кыргыз Республикасынын аймагында лицензияга же мамлекеттик аккредитацияга (аттестацияга) ээ болгон жогорку кесиптик билим берүүнүн (мындан ары - ЖОЖ) бардык билим берүү уюмдары тарабынан жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүү сапатын баалоонун негизи болуп саналат.

**2.2. ЖКБ МББСнын негизги колдонуучулары**

**540200 "Социалдык иш"** багыты боюнча бул ЖКБ МББСнын негизги колдонуучулары:

